# “Ала тоо”

сөзү : Исабек Исаковдуку.

обону: Маматмуса Бакировдуку.

Уулуңмун намыс эрки бек,

Жылдызга колум серпилет.

Койнуңда жүрсөм Ала-тоо

Комуздун күүсү чертилет.

Койнуңда жүрсөм Ала-тоо

Комуздун күүсү чертилет.

Бийикке чыксам мен бүгүн,

Ээси сен бийик мөңгүнүн.

Тирегим туурум Ала~Тоо

Тилеймин эрдик өмүрүн

Тирегим туурум Ала~Тоо

Тилеймин эрдик өмүрүн

Сезимим сага байланып,

Сен барда күнүм Ай жарык.

Ак сүйүүм эстейм Ала~Тоо,

Ак шумкар болуп айланып.

Ак сүйүүм эстейм Ала~Тоо,

Ак шумкар болуп айланып.